**Чолпон айыл аймагынын 2025-2030-жылдарга карата социалдык-экономикалык өнүгүү программасына толуктоо катары киргизиле турган артыкчылыктуу көйгөйлөр.**

(артыкчылыктар жумушчу топтун протколуна ылайык баары киргизилет жана ар бир артыкчылык боюнча мүмкүн болгон чаралардын жалпы сүрөттөлүшү жана күтүлгөн натыйжа жана мөөнөттөр көрсөтүлөт)

**3.3. Жергиликтүү коомчулуктун артыкчылыктуу муктаждыктарына анализ жүргүзүү.**

| № | Артыкчылык | Мүмкүн болгон чаралардын жалпы сүрөттөлүшү | Күтүлгөн натыйжа жана мөөнөттөр |
|---|---|---|---|
| 1 | Инклюзивдик борбор ачуу | Туз айылына инклюзивдик борбор ачуу | Коомдогу обочолонуу (изоляция) токтойт. Ар бир жаран өзүн керектүү сезип, өз ара жардамдашуу маданияты калыптанат<br>1. **Инфраструктура:** Пандустары, кенен эшиктери жана атайын санитардык түйүндөрү бар имарат курулат.<br>2. **Кызматтар:** ДМЧ адамдар үчүн реабилитация; карыкартаңдар үчүн бош убакытты өткөрүү клубу; жаштар үчүн тил жана компьютердик курстар ачылат.<br>3. **Бириктирүү:** ДМЧ адамдар менен башка жарандар биргелешип кол өнөрчүлүк, арт-терапия жана коомдук иш-чараларды өткөрүүчү "жалпы мейкиндик" түзүлөт. |
| 2 | БСРди капиталдык ондоп-тузоодон откоруу, бетон арыктарды куруу | Эпкин айылындагы БСРди капиталдык оңдоп-түзөөдөн өткөрүү үчүн суу өткөрбөй турган атайын клеенкаларды төшөө менен бирге вентилдерин алмаштыруу жана бетон канал орно-тула турган каналдардын ичин тазалоо | БСР капиталдык оңдоп-түзөөдөн өткөрүлсө жалпы 268 га жер аянты сугат суу менен камсыз болуп, узундугу 2500 метр аралыктагы каналга бетон төшөлсө суунун короможулугу жоголот |
| 3 | Оро-Башы айылынын сугат жерлерине суу тартуу учун 5 км лоток куруу | Оро-Башы айылынын сугат жерлерине үзгүл-түксүз жана эффективдүү сугат суусун жеткирүү, жергиликтүү дыйкандар-дын түшүмдүүлүгүн жогорулатуу жана суу ресурстарын үнөмдүү пайдалануу үчүн 5км бетон лотокторун орнотуу | Айылдын сугат жерлерине суу үзгүлтүксүз жетип, кургакчылык тобокелдиги азаят. Суу жетпей калган аймактар толук камтылат. Эгиндердин жана тоют өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү жогорулайт. Дыйкандардын кирешеси көбөйүп, чарбалардын туруктуулугу бекемделет. Лоток аркылуу суу жоготуулар (жерге сиңүү, агып кетүү) 90% кыскарат. Суунун |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | бөлүштүрүлүшү жөнгө салынып, адилеттүү пайдалануу камсыздалат. |
| 4 | Осоавиахим айылына 60 орундуу бала бакча куруу | Осоавиахим айылына 60 орундуу бала бакчаны 25 сотых жерге куруу | 1. Балдардын өнүгүүсү жана келечегинде чоң өзгөрүү болот. Мисалы: баланын мектепке даярдыгы, тил үйрөнүүсү жана маданияты, социалдашуусу, туура тамактануу жана режими жакшырат. 2. Ата-энелер жана үй-бүлө үчүн да жеңилдиктер: аялдардын иш менен камсыз болушу, психологиялык жеңилдик болот. 3. Айылдын эконо-микасы жана социалдык абалы оңолуп жаңы жумуш орундарыпайда болот. Миграциянын азайышына жана коомдук активдүүлүгүнө да түрткү берет. |
| 5 | МТС ачуу, айыл чарба техникаларын алуу (комбайн, тракторлор а/ч шаймандары менен) | Чолпон айылындагы эски гаражды ондоп-тузоо, керектуу шаймандары менен техникаларды алуу, МТС уюштуруу | Иштетилбей турган эски гараж МТС катары ишке киргизилет. Техникалар бир жерге топтолуп, оз убагында дыйкандар жана айыл тургундары техника менен камсыз болушат. |
| 6 | Суу бөлүштүрүүчү курулмаларды куруу | Чекилдек айылына чон суудан сугат сууну буруу учун 5 суу бөлүштүрүүчү курулмаларды куруу | Айылдын бардык дыйкандары сугат суу менен жкамсыз болот. Түшүмдүүлүк жогорулап, сугат учурундагы кыйынчылыктар азаят. |
| 7 | Ара-Көлдүн башына скважина куруу | Ара-Көлдүн башына сугат суу үчүн көлгө суу толтуруу максатында 3 скважина куруу | Ара-Көл айылындагы 350 га айдоо аянты толук кандуу сугат суу менен камсыз болот. Кошумча 50 га айдоо жери иштетилет. Түшүмдүүлүк 2 эсе жогрулайт. |
| 8 | Бала бакчага кошумча корпус куруу | «Алтын-Уя» бала бакчасына актовый зал үчүн жана 25 балага кошумча группа ачуу үчүн корпус куруу | Ара-Көл айылында бала бакчага кезекте турган балдар үчүн бала бакчага барууга шарт түзүлөт. Бала бакчага балдарын барген ата-энелерге бош убакыт түзүлөт, жана алар жумуш менен камсыз болууга шарт түзүлөт. Үй бүлөгө кошумча киреше түзүүгө шарт түзүлөт. |
| 9 | Чолпон айылына ички сугат суу учун 15 км лоток койдуруу | Чолпон айылына ички сугат суу учун 15 км лоток койдуруу | Айылдын сугат жерлерине суу үзгүлтүксүз жетип, кургакчы-лык тобокелдиги азаят. Суу жетпей калган аймактар толук камтылат. Эгиндердин жана тоют өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү жогорулайт. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | Дыйкандардын кирешеси көбөйүп, чарбалардын туруктуулугу бекемделет. Лоток аркылуу суу жоготуулар (жерге сиңүү, агып кетүү) 90% кыскарат. Суунун бөлүштүрү-лүшү жөнгө салынып, адилет-түү пайдалануу камсыздалат. |
| 10 | Оро-Башы айылына футбол ойноочу аянтча куруу | Оро-Башы айылына мектептин аймагына кичи футболдук аянтча куруу | Оро-Башы айылы үчүн социал-дык жактан маанилүү инфра-структуралык демилге болуп, жаштардын өнүгүүсүнө, ден соолуктун чыңдалышына жана коомдук биримдиктин бекем-делишине олуттуу салым кошот. |
| 11 | Бала бакчага кошумча корпус куруу | Чекилдек айылындагы бала бакчага кошумча актовый зал менен корпус куруу | Бала бакчанын тарбияла-нуучулары сабактарды жана иш-чараларды өткөрүү үчүн актовый залга жеткиликтүү болушат |
| 12 | Таза сууга резервуар орнотуу | Ара-Кол айылындагы таза сууга резервуар орнотуу | Айылдагы 140 түтүн таза сууга болгон жеткиликтүүлүгү жакшырат |
| 13 | Спорт комплекс куруу | Чолпон айылына спорт комплекс куруу | Чолпон айылынын инфра-структурасы жакшырат. Айыл тургундарынын, айрыкча жаштардын, өспүрүмдөрдүн спортко болгон кызыгуусу күчөп, ден-соолуктары чыңдалат. Бош убактыларын өткөрүүгө шарт түзүлөт. |
| 14 | Эпкин айылына 100 орундуу бала бакча куруу | Эпкин айылына 2 кабаттуу заман талабына ылайык, оюн аянтчалары менен бирге, 100 орундуу бала бакча куруу | Эпкин айылына 100 орундуу бала бакчанын курулушу менен мектеп жашына чейинки наристелердин тарбиялануу-суна, билим алуусуна, дүйнө таанымына шарт түзүлөт. Ошону менен бирге жаңы жумуш орду тузүлүп, инфра түзүм жакшырат. |
| 15 | Айылга таза суу киргизүү | Туз айылына таза суу киргизүү | Таза суу аркылуу жугуштуу оорулар 80% азаят. Турмуш-тиричиликтеги оор жумуштар жеңилдейт.<br>1. **Техникалык иштер:** 200 метрден ашык терендиктеги жаңы скважина бургуланат жана заманбап чыпкалоочу (фильтр) системасы орнотулат.<br>2. **Автоматташтыруу:** Сууну эсептөөчү санариптик эсептегичтер орнотулат |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | 3. **Гигиена:** Айыл эли жана инфраструктуралар үзгүлтүксүз таза суу менен камсыздалат. |
| 16 | Скважиналардан электро-насостор менен суу чыгару | Осоавиахим айылынын 650 га жерине электронасостор менен сугат суу чыгаруу | Осоавиахим элдеринин сугат жана үлүш жерлерин суу менен камсыздалса 174 тутун элдин сууга болгон муктаждыгы толук чечилет. Эгиндердин жана тоют өсүмдүктөрүнүн түшүм-дүүлүгү жогорулайт. Дыйкандардын кирешеси көбөйүп, чарбалардын туруктуулугу бекемделет. |
| 17 | Айдоо жерлерди чачыратып сугаруу | Ара-Кол айылынын 300 га айдоо жерлерин сугат сууну үнөмдүү пайдалануу үчүн чачыратып сугаруу | Айылдын сугат жерлерине суу үзгүлтүксүз жетип, кургакчылык тобокелдиги азаят. Суу жетпей калган аймактар толук камтылат. Эгиндердин жана тоют өсүмдүктөрүнүн түшүм-дүүлүгү жогорулайт. Дыйкандардын кирешеси көбөйүп, чарбалардын туруктуулугу бекемделет. |
| 18 | Бала бакчага балдар ойноочу аянтча куруу | Чекилдек айылындагы бала бакчага балдар ойноочу аянтча куруу | Бала бакчанын тарбиялануучуларына таза абада ойноого шарт түзүлөт. Заманбап ойноо аянтчасы менен бала бакча камсыз болот. |
| 19 | Оро-Башы айылына 60 орундуу бала бакча куруу | Оро-Башы айылына 60 орундуу бала бакча куруу | 3–6 жаштагы 60 бала тарбия жана билим берүү менен камтылат. Балдардын ар тараптуу өнүгүүсү өбөлгө тузүлөт. Эрте социалдашуу, тил, ой жүгүртүү жана кыймыл көндүмдөрү өнүгөт. Ата-энелердин, айрыкча энелердин эмгек рыногуна чыгуусуна шарт түзүлөт. Үй-бүлөнүн киреше табуу мүмкүнчүлүгү кеңейет.Жумуш орундарын түзүлөт. Тарбиячылар, жардамчы кызматкерлер, ашпозчу, медайым сыяктуу туруктуу жумуш орундар ачылат. |
| 20 | 125 орундуу бала бакча куруу | Туз айылына 125 орундуу бала бакча куруу | Мектепке чейинки билим берүүдөгү кезек маселеси чечилет. Энелердин жумушка чыгуусуна шарт түзүлөт<br>1. **Долбоорлоо:** Энергияны үнөмдөөчү технологиялар менен курулат.<br>2. **Тарбия:** Стандарттык программадан тышкары, |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | балдарды кичинесинен инклюзивдүүлүккө (бири-бирин сыйлоого) үйрөтүүчү методикалар киргизилет.<br>3. **Кадрлар:** Жергиликтүү тургундар жумуш менен камсыздалат. |
| 21 | 5 км сугат арыктарын тазалоо | Туз айылындагы 5 км сугат арыктарын тазалоо | Суунун жоготуусу 40% кыскарат. Дыйкандардын кирешеси сугат суунун жетиштүүлүгүнөн улам жогорулайт.<br>1. **Бетондоо:** Суунун жерге сиңип кетүүсүн алдын алуу үчүн Л-түрүндөгү бетон лотоктор коюлат.<br>2. **Бөлүштүрүү:** Сууну адилеттүү бөлүштүрүүчү шлюздар орнотулат.<br>3. **Техникалык тейлөө:** Арыктардын четтери тазаланат жана жашылдандырылат. |
| 22 | Чолпон орто мектепке жаңы инвентарларды алуу | Акназаров мектебине жаңы инвентарларды алуу | Жаңы инвентарларды алуу менен окуучуларга жана мугалимдерге билим берүү процессинде жакшы, заманбап технологияны колдонуу шарттары түзүлөт. Балдардын билим сапаты жогорулайт. |
| 23 | Мектепке кошумча корпус куруу | К. Темиров орто мектебине кошумча корпус куруу | Мектепке кошумча корпус куруу менен балдарга билим берүү процессине жакшы шарттар түзүлөт. |
| 24 | Айылга дренаж казуу | Чекилдек айылындагы эски жарактан чыгып калган 6 км дренажды кайрадан казуу | Дренаждарды казуу менен айылдагы жер алдынан 1 м терендиктен чыккан суулардын деңгээли төмөндөйт. Айыл тургундарынын ылдый чөгүп жаткан пайдубалдары чөгүүсүн токтотот. Сазга айланып бара жаткан огороддор, айдоо жерлер кургайт. |
| 25 | Ички 6 чоң көчөгө лоток куруу | Чолпон айылынын ичиндеги ички 6 чоң көчөгө лоток куруу | Лоток куруу менен айыл тургундарынын огороддоруна сугат суу келүүсү камсыз болот. Айыл тургундары огороддорун айдап, жер-жемиш, чөп өстүрүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт. |
| 26 | Таштандыны жабуу, башка жерге ачуу | Ара-Кол айылынын айдоо жерлерин булгап жаткан, санитардык талаптарга жооп бербеген, айланасы тозулбаган таштанды | Айдоо жерлеринин деградациясын алдын алынат. Айдоо аянттары булгануудан сакталып, түшүмдүүлүктүн жогорулашына алып келет. Айылдын малы, майда |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | полигонун жабуу жана башка жерден ачуу | жандыктары, ит-мышыктар таштандыга кирбей, санитардык абал жакшырат, жугуштуу оорулардын алдын алынат, мал ылаңынын пайда болуусунун кесепеттери жоюлат. |
| 27 | Тигүү цехтерин уюштуруу (жумушсуздуктун алдын –алуу) | Эпкин айылына тигүү цехтерин уюштуруу | Айылдагы өз алдынча тикмечилик кылып жаткан ишкер айымдарды колдоо менен ири тигүү цехтери курулса айылдагы жумушсуз кыз-келиндер жумуш менен камсыз болуп, материалдык жактан каражат менен камсыз болот жана кошумча жумуш орду түзүлөт |
| 28 | Айылга балдар үчүн оюн аянтча куруу | Чекилдек айылына балдар үчүн оюн аянтчасын куруу | Оюн аянтчасын куруу менен айылдын инфратүзүмү жакшырат. Айылдагы балдар үчүн ойноого, ата-энелерге балдарды алаксытууга жакшы шарттар түзүлөт. |
| 29 | Чолпон айылдын борборуна эс алуучу жай куруу | Чолпон айылдын борборуна айыл тургундары үчүн эс алуучу жай куруу | Эс алуучу жай куруу менен айылдын инфратүзүмү жакшырат, айылдын көркү чыгат, жашыл аймак түзүлөт. Айыл тургундары үчүн бош убакыт өткөрүүгө, көңүл ачып сейилдөөгө шарт түзүлөт. |
| 30 | Ак-Чий орто мектебине кошумча корпус, актовый зал, ашкана куруу | Ак-Чий орто мектебине кошумча корпус, маданий иш-чараларды өткөрүү үчүн актовый зал куруу жана балдардын тамактануусун жакшыртуу үчүн жаңы ашкана куруу | Ак-Чий орто мектебине кошумча корпус куруу менен балдардын жеткиликтүү билим алуусуна, мугалимдердин иш-сапатына, иштөөсүнө шарт түзүлүп, жаңы мүмкүнчүлүктөр пайда болот. Актовый зал куруу менен бирге майрамдык иш-чаралардын, жыйындардын өтүүсүнө, жаш жеткинчек наристелердин маданият дүйнөсүнө болгон көз карашы калыптанат. Ашкана куруу менен балдардын туура тамактануусуна,ден-соолугунун чын болушуна шарт түзүлөт. |
| 31 | 12 көчөгө жарыктандыруу коюу | Чолпон айылынын 12 көчөсүнө күн панелдери менен кубатталган түнкү жарыктарды орнотуу | Күн панелдери менен кубатталган түнкү жарыктарды орнотуу менен электр энергиясы үнөмдөлөт. Айылга түнкү убакта коoздук берет жана айыл тургундары үчүн коопсуздук абалды жаратат. |
| 32 | Айыл ичиндеги бардык көпүрөлөрдү оңдоо | Туз айылынын бардык көчөлөрүндөгү көпүрөлөрдү оңдоо | Жазгы сел жана суу ташкындарында айылдын байланышы үзүлбөйт. Мал- |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | жандык жана техника өтүүдө кооптуулук жоюлат.<br>1. **Коопсуздук:** Эски жыгач же чириген темир көпүрөлөр бетон негизиндеги туруктуу конструкцияларга алмаштырылат.<br>2. **Жөө жүргүнчүлөр:** Көпүрөлөрдүн четтерине балдар жана карылар үчүн тосмолор жана жарыктандыруу орнотулат. |
| 33 | Балдар ойноочу аянтча куруу | Эпкин айылына балдар ойноочу аянтча жана жаштар эс ала турган борбор куруу | Эпкин айылына балдар ойноочу аянтча жана жаштар эс ала турган борбор куруу менен бирге жаштардын кунүмдүк бош убактыларында пайдалуу эс алуусуна, балдардын ден-соолугунун чың болушуна мүмкүнчүлүк түзүлөт |
| 34 | Айыл ичиндеги 10 км арыктарга лоток коюу | Осоавиахим айылындагы 5 көчөгө 10 км аралыкка жете турган лоток куруу | Осоавиахим айылындагы 5 кочого лотоктор коюлса суу коромжусуз айыл жерине жетип, кургап жаткан жана иштетилбей калган огороддорго суу жетип, сайдын суусу коромжуга учурабай элге чоң пайдасын тийгизет. |
| 35 | Балдар үчүн оюн аянтчасын куруу | Туз айылына балдар ойноочу оюн аянтчасын куруу | Балдардын физикалык өсүүсү жакшырат. Санариптик гаджеттерге болгон көз карандылык азаят.<br>1. **Зоналарга бөлүү:** Наристелер үчүн коопсуз аймак жана өспүрүмдөр үчүн воркаут (спорт) аймагы түзүлөт.<br>2. **Инклюзивдүүлүк:** Майыптык арабасы менен келген балдар да ойной ала турган атайын селкинчектер кошулат.<br>3. **Эс алуу:** Ата-энелер үчүн отургучтар жана жашыл аймак түзүлөт. |
| 36 | Каналдарды тазалоо | Чекилдек айылындагы 11 км сугат суу каналдарын тазалоо | Сугат каналдарын тазалоо менен айылдын сугат жерлерине суу үзгүлтүк-сүз жетип, кургакчылык тобокелдиги азаят. Суу жетпей калган аймактар толук камтылат. Эгин-дердин жана тоют өсүм-дүктөрүнүн түшүмдүү-лүгү жогорулайт. Дыйкандардын кирешеси |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | көбөйүп, чарбалардын туруктуулугу бекемделет. |
| 37 | Көчөлөрдү жарыктандыруу | Чекилдек айылынын көчөлөрүн күн панелдери менен кубатталган түнкү жарыктар менен жарыктандыруу | Күн панелдери менен кубатталган түнкү жарыктарды орнотуу менен электр энергиясы үнөмдөлөт. Айылга түнкү убакта коопсуздук берет жана айыл тургундары үчүн коопсуздук абалды жаратат. |
| 38 | Айыл ичине канализация киргизүү | Осоавиахим айылындагы 174 түтүндү канализация менен камсыз кылуу | Эгерде 10 кмге чейин суу канализациясы курулса айыл жеринин экологиясына терс таасир тийгизип жаткан саркынды суулары бир нукта айыл жеринин сыртына чыгып кайра иштетилип кетет. |
| 39 | Таза сууну үнөмдөө счетчигин коюу | Ара-Кол айылындагы таза сууну экономдоо максатында 142 түтүнгө счетчиктерди коюу | Айыл тургундары  таза сууну үнөмдүү пайдалана башташат жана суу тартыштыгы жоюлат. |
| 40 | 7 көчөнү күн нуру менен жарыктандыруу | Осоавиахим айылында 5 көчөнү жарыктандыруу үчүн күн панели менен иштеген 150 жарыктандыруу мамычаларын орнотуу | Узундугу 2 км болгон 5 көчө жарыктандырылып айылдын көчөлөрүнүн жарыктандыруусу 70% жетет. Айылдын көркү артат, түнкү убакта айыл тургундарына коопсуздук түзүлөт. |
| 41 | Ички жолдорду ондоо, копуро салдыруу | Эпкин айылындагы суу өтүүчү ички жолдорго көпүрө салуу жана оңдоо | Эпкин айылындагы ички жолдордогу суу өтө турган жолдорго көпүрө салынса жана кум-шагыл төгүлүп түзөлсө, жерги-ликтүү тургундардын күнүмдүк каттамынын жакшырышына, арыктардын оңолушуна жана суу каптоонун алдын алат. |
| 42 | Ички 12 км  жолдорду асфальтоо | Чолпон айылынын ички 12 көчөсүн асфальттоо | Көчөлөрдү асфальттоо менен айылдын көркү ачылат. Айыл тургундарынын жашоо шартына он таасирин тийгизет. Унаалардын жүрүшүнө жакшы шарттар түзүлөт. |
| 43 | Айылга чоң муниципалдык мончо куруу | Чекилдек айылына чоң муниципалдык мончо куруу | Айылга мончо куруу менен айыл элинин гигиенасын жакшыртууга, кызмат көрсөтүүнүн жеткиликтүүлүгүнө жакшы шарттар түзүлөт. |

**3.4. Социалдык жана жергиликтүү инфраструктураны өнүктүрүүгө тиешелүү бюджеттик инвестицияларга керектөөлөргө анализ жүргүзүү**

| Инвестициялык артыкчылык | Бюджети (миң сом) | Каржылоо булактары | Жооптуу тарап |
|---|---|---|---|
| 1. Туз айылына инклюзивдик борбор ачуу | 36 000 | НПИС, АРИС | Айыл өкмөтү |
| 2. Оро-Башы айылына мектептин аймагына кичи футболдук аянтча куруу | 2 000 | КР Президентинин фонду | КРМА |

**4.3.Экономикалык өнүгүү муктаждыктары**

(артыкчылыктар жумушчу топтун протколуна ылайык баары киргизилет жана ар бир артыкчылык боюнча мүмкүн болгон чаралардын жалпы сүрөттөлүшү жана күтүлгөн натыйжа жана мөөнөттөр көрсөтүлөт)

| Инвестициялык артыкчылыктар | Мүмкүн болгон чаралардын жалпы сүрөттөлүшү | Күтүлгөн натыйжа жана мөөнөттөрү |
|---|---|---|
| Туз | Туз кендерин иштетүүчү чакан цех ачуу. Мал чарбасы үчүн минералдык лизунецтерди (туз таштарды) жана жолдорго себилүүчү техникалык тузду таңгактоо.<br>Жергиликтүү чийки затты терең иштетүү аркылуу кошумча нарк жараткан продукцияларды (тамак-аштык жана косметикалык туздар) өндүрүү, импортту алмаштыруу, жаңы жумуш орундарын түзүү жана экспорттук потенциалды жогорулатуу. | Жергиликтүү чийки заттан жогорку кошумча нарктуу продукция чыгарылат.<br>Ишкананын туруктуу кирешеси жана салык түшүүлөрү өсөт.<br>Сертификацияланган, коопсуз жана стандартка жооп берген продукциялар рынокко чыгат. |
| Жун | Жергиликтүү чийки затты (кой жүнү) комплекстүү иштетүү аркылуу кошумча нарк жараткан продукцияларды чыгаруу, айылдык аймактарда жумуш орундарын түзүү, экологиялык таза өндүрүштү өнүктүрүү жана улуттук маданий мурасты сактоо. Иштетүүгө жараксыз бөлүгүн өзүнчө багыттоо б.а Жүндү майдалоо жана гранулдаштыруу; Органикалык жер семирткич катары таңгактоо; Экологиялык жана агрохимиялык талаптарга ылайык сапатты көзөмөлдөө; Айыл чарба өндүрүүчүлөрүнө багытталган колдонуу нускамаларын иштеп чыгуу | Жер семирткичтер жана кол өнөрчүлүк продукциялары аркылуу туруктуу киреше булагы түзүлөт;<br><br>Чийки жүндү арзан сатуу токтоп, кошумча нарк жаратылат;<br><br>Аймактык экономиканын активдүүлүгү жогорулайт.<br><br>• Аялдар жана жаштар жумуш менен камсыз болот;<br><br>• Калктын киреше деңгээли өсөт.<br><br>**Экологиялык натыйжалар** |

| | | |
|---|---|---|
| | | • Жүндүн таштандыга айланышы азаят;<br>• Органикалык, экологиялык таза жер семирткичтер колдонулат;<br><br>Туруктуу өндүрүш моделдери жайылтылат. |
| Эт | Мал чарбачылыгын өнүктүрүү, эт өндүрүүнү жана кайра иштетүүнү уюштуруу аркылуу калкты сапаттуу, коопсуз азык-түлүк менен камсыз кылуу, кошумча нарк түзүү жана жаңы жумуш орундарын ачуу. Бул долбоор ички рынокту эт жана этти кайра иштетүү азыктары менен камсыздоого жана экспорттук мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүүгө багытталат. | Эт өндүрүүнүн көлөмү жана сапаты жогорулайт;<br><br>Долбоор туруктуу киреше алып келет;<br><br>Аймактык экономикага кошумча нарк түзүлөт. |
| Картошка | Картошканы өндүрүүнү, сактоону жана кайра иштетүүнү комплекстүү уюштуруу аркылуу калкты сапаттуу азык-түлүк менен камсыз кылуу, дыйкандар-дын кирешесин көбөйтүү жана азык-түлүк коопсузду-гун бекемдөө. Картошка — ички рынокто суроо-талап жогору болгон стратегиялык айыл чарба продукциясы. | Картошканын өндүрүш көлөмү жана сапаты жогорулайт;<br>Дыйкандардын кирешеси көбөйөт;<br><br>Кайра иштетүү аркылуу кошумча нарк түзүлөт. |
| Туризм | Ара-Көл жана Туз айылындагы кышкы туризм аркылуу кызмат көрсөтүүчүлөргө шарт түзүүгө көмөктөшүү | 2026-2030-жылдар Туризм багытындагы кызмат көрсөтүүлөр жакшырат |

### 4.4. Экономикалык өнүгүү багыттары боюнча инвестицияларга болгон муктаждыктарды талдоо

| **Инвестициялык артыкчылык** | **Бюджети (мин сом)** | **Каржылоо булактары** | **Жооптуу тарап** |
|---|---|---|---|
| Этти терең иштетүү, салттуу эт чүйгүндөрүн өндүрүү | 24 000,0 | НПИС АРИС | Айыл окмоту, Бизнес өнөктөш |
| Туризмди өнүктүрүү: Ара-Көл айылындагы күйгөн суунун айланасына дарылануучу, туристтерди тосуучу борбор куруу | 10 000,0 | инвестор | Айыл окмоту, Бизнес өнөктөш |

**5.3.Инклюзивдик өнүгүү муктаждыктарына анализ жүргүзүү**

Бул жерди өзгөртүүсүз кабыл алабыз

| Артыкчылык | Мүмкүн болгон чаралардын жалпы сүрөттөлүшү | Күтүлгөн натыйжа жана мөөнөттөр |
|---|---|---|
| НПИС долбоорунун алкагында «Киреше булактарын колдоо программасынын» окутууларына жана насаатчылык колдоосуна катышуу | Айылдык аймактагы аялдар, жаштар, аялуу топтор, кайтып келген мигранттар, фермерлер жана ишкерлер тобунун ишкердик жөндөмдүүлүгүн арттыруу | Айылдык аймактан 100 адамды катыштыруу жана кеминде 50% бизнес-пландарын иштеп чыгат, кеминде 30% бизнес идеясына инвестицияларды тартат |

**7.3.Экология маселелери**

| Артыкчылык | Мүмкүн болгон чаралардын жалпы сүрөттөлүшү | Күтүлгөн натыйжа жана мөөнөттөр |
|---|---|---|
| БСРди капиталдык ондоп-тузоодон откоруу, бетон арыктарды куруу | Эпкин айылындагы БСРди капиталдык оңдоп-түзөөдөн өткөрүү үчүн суу өткөрбөй турган атайын клеенкаларды төшөө менен бирге вентилдерин алмаштыруу жана бетон канал орно-тула турган каналдардын ичин тазалоо | БСР капиталдык оңдоп-түзөөдөн өткөрүлсө жалпы 268 га жер аянты сугат суу менен камсыз болуп, узундугу 2500 метр аралыктагы каналга бетон төшөлсө суунун коромжулугу жоголот |
| Оро-Башы айылынын сугат жерлерине суу тартуу учун 5 км лоток куруу | Оро-Башы айылынын сугат жерлерине үзгүл-түксүз жана эффективдүү сугат суусун жеткирүү**,** жергиликтүү дыйкандар-дын түшүмдүүлүгүн жогорулатуу жана суу ресурстарын үнөмдүү пайдалануу үчүн 5км бетон лотокторун орнотуу | Айылдын сугат жерлерине суу үзгүлтүксүз жетип, кургакчылык тобокелдиги азаят. Суу жетпей калган аймактар толук камтылат. Эгиндердин жана тоют өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү жогорулайт. Дыйкандардын кирешеси көбөйүп, чарбалардын туруктуулугу бекемделет. Лоток аркылуу суу жоготуулар (жерге сиңүү, агып кетүү) 90% кыскарат. Суунун бөлүштүрүлүшү жөнгө салынып, адилеттүү пайдалануу камсыздалат. |
| Суу бөлүштүрүүчү курулмаларды куруу | Чекилдек айылына чон суудан сугат сууну буруу учун 5 суу бөлүштүрүүчү курулмаларды куруу | Айылдын бардык дыйкандары сугат суу менен жкамсыз болот. Түшүмдүүлүк жогорулап, сугат учурундагы кыйынчылыктар азаят. |
| Ара-Көлдүн башына скважина куруу | Ара-Көлдүн башына сугат суу үчүн көлгө суу толтуруу максатында 3 скважина куруу | Ара-Көл айылындагы 350 га айдоо аянты толук кандуу сугат суу менен камсыз болот. Кошумча 50 га айдоо |

| | | |
|---|---|---|
| | | жери иштетилет. Түшүмдүүлүк 2 эсе жогрулайт. |
| Чолпон айылына ички сугат суу учун 15 км лоток койдуруу | Чолпон айылына ички сугат суу учун 15 км лоток койдуруу | Айылдын сугат жерлерине суу үзгүлтүксүз жетип, кургакчы-лык тобокелдиги азаят. Суу жетпей калган аймактар толук камтылат. Эгиндердин жана тоют өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү жогорулайт. Дыйкандардын кирешеси көбөйүп, чарбалардын туруктуулугу бекемделет. Лоток аркылуу суу жоготуулар (жерге сиңүү, агып кетүү) 90% кыскарат. Суунун бөлүштүрү-лүшү жөнгө салынып, адилет-түү пайдалануу камсыздалат. |
| Скважиналардан электро-насостор менен суу чыгаруу | Осоавиахим айылынын 650 га жерине электронасостор менен сугат суу чыгаруу | Осоавиахим элдеринин сугат жана үлүш жерлерин суу менен камсыздалса 174 тутун элдин сууга болгон муктаждыгы толук чечилет. Эгиндердин жана тоют өсүмдүктөрүнүн түшүм-дүүлүгү жогорулайт. Дыйкандардын кирешеси көбөйүп, чарбалардын туруктуулугу бекемделет. |
| Айдоо жерлерди чачыратып сугаруу | Ара-Кол айылынын 300 га айдоо жерлерин сугат сууну унөмдүү пайдалануу үчүн чачыратып сугаруу | Айылдын сугат жерлерине суу үзгүлтүксүз жетип, кургакчылык тобокелдиги азаят. Суу жетпей калган аймактар толук камтылат. Эгиндердин жана тоют өсүмдүктөрүнүн түшүм-дүүлүгү жогорулайт. Дыйкандардын кирешеси көбөйүп, чарбалардын туруктуулугу бекемделет. |
| 5 км сугат арыктарын тазалоо | Туз айылындагы 5 км сугат арыктарын тазалоо | Суунун жоготуусу 40% кыскарат. Дыйкандардын кирешеси сугат суунун жетиштүүлүгүнөн улам жогорулайт.<br>1. **Бетондоо:** Суунун жерге сиңип кетүүсүн алдын алуу үчүн Л-түрүндөгү бетон лотоктор коюлат.<br>2. **Бөлүштүрүү:** Сууну адилеттүү бөлүштүрүүчү шлюздар орнотулат. |

| | | |
|---|---|---|
| | | 3. **Техникалык тейлөө:** Арыктардын четтери тазаланат жана жашылдандырылат. |
| Айылга дренаж казуу | Чекилдек айылындагы эски жарактан чыгып калган 6 км дренажды кайрадан казуу | Дренаждарды казуу менен айылдагы жер алдынан 1 м терeңдиктен чыккан суулардын деңгээли төмөндөйт. Айыл тургундарынын ылдый чөгүп жаткан пайдубалдары чөгүүсүн токтотот. Сазга айланып бара жаткан огороддор, айдоо жерлер кургайт. |
| Ички 6 чоң көчөгө лоток куруу | Чолпон айылынын ичиндеги ички 6 чоң көчөгө лоток куруу | Лоток куруу менен айыл тургундарынын огороддоруна сугат суу келүүсү камсыз болот. Айыл тургундары огороддорун айдап, жер-жемиш, чөп өстүрүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт. |
| Таштандыны жабуу, башка жерге ачуу | Ара-Кол айылынын айдоо жерлерин булгап жаткан, санитардык талаптарга жооп бербеген, айланасы тозулбаган таштанды полигонун жабуу жана башка жерден ачуу | Айдоо жерлеринин деградациясын алдын алынат. Айдоо аянттары булгануудан сакталып, түшүмдүүлүктүн жогорулашына алып келет. Айылдын малы, майда жандыктары, ит-мышыктар таштандыга кирбей, санитардык абал жакшырат, жугуштуу оорулардын алдын алынат, мал ылаңынын пайда болуусунун кесепеттери жоюлат. |
| Айыл ичиндеги 10 км арыктарга лоток коюу | Осоавиахим айылындагы 5 көчөгө 10 км аралыкка жете турган лоток куруу | Осоавиахим айылындагы 5 кочого лотоктор коюлса суу коромжусуз айыл жерине жетип, кургап жаткан жана иштетилбей калган огороддорго суу жетип, сайдын суусу коромжуга учурабай элге чоң пайдасын тийгизет. |
| Каналдарды тазалоо | Чекилдек айылындагы 11 км сугат суу каналдарын тазалоо | Сугат каналдарын тазалоо менен айылдын сугат жерле-рине суу үзгүлтүксүз жетип, кургакчылык тобокелдиги азаят. Суу жетпей калган аймактар толук камтылат. Эгиндердин жана тоют өсүм-дүктөрүнүн түшүмдүүлүгү жогорулайт. Дыйкандардын |

| | | |
|---|---|---|
| | | кирешеси көбөйүп, чарбалардын туруктуулугу бекемделет. |
| Айыл ичине канализация киргизүү | Осоавиахим айылындагы 174 түтүндү канализация менен камсыз кылуу | Эгерде 10 кмге чейин суу канализациясы курулса айыл жеринин экологиясына терс таасир тийгизип жаткан сар-кынды суулары бир нукта айыл жеринин сыртына чы-гып кайра иштетилип кетет. |
| Таза сууну үнөмдөө счетчигин коюу | Ара-Кол айылындагы таза сууну экономдоо максатында 142 түтүнгө счетчиктерди коюу | Айыл тургундары таза сууну үнөмдүү пайдалана башташат жана суу тартыштыгы жоюлат. |

**4-тиркеме. СЭӨПту ишке ашыруу боюнча иш-аракеттер планы**

| Иш-чаранын сүрөтөлүшү | | Жооптуу | Ишке ашыруу мөөнөтү | Баасы (мин сом) | Каржылоо булактары | Мониторинг (1-жарым жылдык) | Мониторинг (2-жарым жылдык) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **2** | **Кызматтар жана жергиликтүү инфраструктура** | | | | | | |
| | Туз айылына инклюзивдик борбор ачуу | Айыл өкмөтү | 2026-2028 | 36 000 | НПИС, АРИС | | |
| | | | | | | | |
| **3** | **Экономикалык өнүгүү** | | | | | | |
| | Этти терең иштетүү, салттуу эт чүйгүндөрүн өндүрүү | Айыл окмоту, Бизнес өнөктөш | **2026-2028** | **24 000,0** | **НПИС АРИС** | | |
| **4** | **Инклюзивдик өнүгүү** | | | | | | |
| | **Киреше булактарын колдоо программасына 100 адамды катыштыруу** | **ЖТ, айыл башчысы** | **2026-2027** | **1 000,0** | **НПИС АРИС** | | |
| | | | | | | | |